Математика сабагын 5-8-9-10-11-класстарга мугалим Эгембердиева А берет. Билими жогорку. Педстажы 30 жыл. 6-7-класстарга мугалим Ачакеева Ч берет. Билими жогорку. Педстажы 23 жыл.

| **Класстар** | **2015-ж** | | **2016-ж** | | **Динамика** | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | **алгебра** | **геометирия** | **алгебра** | **геометрия** | **алгебра** | **геометрия** |
| 5-класс | 48% | | 53% | | 5,9% | |
| 6-класс | 27,2% | | 27,2% | | 0% | |
| 7-класс | 31,2% | 31% | 37,5% | 35% | 6,3% | 4% |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 8-класс | 31,3% | 43,7% | 40% | 46,6% | 8,7% | 2,9% |
| 9-класс | 33,3% | 22,2% | 44,4% | 33,3% | 11,1% | 11,1% |
| 10-класс | 14,3% | 28,6% | 28,6% | 28,6% | 14,3% | 0% |
| 11-класс | 27,3% | 45,5% | 36,6% | 45,5% | 9,3% | 0% |






-Математика сабагы боюнча кружокторду ачуу.

Өздөштүрүүсү начар окуучулардын ата-энеси менен тыгыз байланышта болуу.

Билим сапатын 1%га көтөрүү.

5-8-9-10-11-класстарга математикадан Эгембердиева Ания берет.Алдына койгон максаты математика сабагын окутууда окуучулардын кызыгуусун артыруу менен билим сапатын көтөрүү. 5-класста математикадан окуучулардын сабакка болгон кызыгуусу жакшы. Баардыгы 17 окуучу. Окуучулардын жарымы математика сабагына кызыгат алардын ичинен аракет кылган окуучулар Касымбекова А. Мекенбек кызы Наргиза, Зайырбек кызы Медина, Жыргалбаева М алдынкы окуучулар. 8- класста 15 окуучу окуйт. 22.02.16. алгебра сабагынан "Көбөйтүндүдөн алынган квадраттык тамыр " деген темада ачык саат өтүлдү. Сабак максатына жетти деп табылды . 9-класста 9 окуучу окуйт. Окуучулардын билим сапаты канааттандырарлык . Мамлекеттик экзамендерге даярданып окуучулар жандана баштады. 9-декабрда " Сан удаалаштыгы" деген темада стандарттык эмес сабак өттү.Сабак өз максатына жетти.10-класста 7 окуучу окуйт. Окуучулардын билим сапаты канааттандыраарлык, алгебрадан 14,3% ,геометриядан 28,5% түздү . Мугалимдин жөндөмдүү жана өздөштүрүүсү начар окуучулар менен иштөө папкасы жакшы жолго коюлган жыл башында алынган анкетанын негизинде окуучуларды тандап алып ошол боюнча иш алып барат. Кошумча маалыматтарды жана материалдарды колдонуу менен билим сапатын көтөрүү,
-Окуучулардын теорияда алган билимдерин практикада колдоно билүүгө жетишүү,
-Өз алдынча иштөөлөрүнө такай көзөмөл кылуу мугалимдин милдети.

Мугалимдер окутуунун жана баалоонун жаны турлорун сабактарында колдонушат. "Формативдик баалоону" 9 мугалим киргизизишип, пландаштыруу жонундо декларация толтурушкан. 2015-2016-окуу жылында USAID "Бирге окуйбуз" долбоору боюнча башталгыч класстын 4 мугалими иштеп , портфолио толтурушту.

Талантуу окуучулар менен иштоонун пландары тузулуп, бекитилип, жетекчиси Эгембердиева Айсулуу ишалып барып. Интеллектуалдык марафондун 3 туру отулуп женуучу аныкталды. Райондук, областтык олимпиаданын женуучусу биология предметинен 2-орунду 10-класстын окуучусу Эркинбек кызы Амина женуучусу болду. Мектептин "Мыкты окуучу 2016" конкрусунун женуучусу аталды.

**Ж.Бейшекеев атындагы Кароол-Добо орто мектебинин мугалимдер жаматы 2015-2016- окуу жылында болгон мумкунчулукторун жумшап, ата-эне коомчулук менен тыгыз байланышта иштеп азыркы коомдо натыйжалуу иштоого жондомдуу, жашоодо оз ордун таба билген, артараптан онуккон инсанды тарбиялоо менен билим сапатын которуп, татыктуу тарбияберуунун устундо талыкпай эмгектенуу менен 2016-2017-окуу жылына томондогудой милдеттер коюлду.**

**1." Сапаттуу ьилим"программасынын негизинде формативдик баалоону, окуутунун жана тарбиялоонун интерактивдуу методдорун сабактарда колдонуу, ОТК ны сабакта колдонуу.**

**2. Талантуу жана жондомдуу балдар менен жекече иш алып баруу.**

**3.Аяр балдар менен иштоону  жакшыртуу.**

**4.Окуучулардын кол жазмасын Жакшыртуу.**

**5.Окуучулардын окуп тушунусуно жана окуу техникасына конул болуу.**

**6. 2016-2017-окуу жылында билим сапатын 1.2%кекоторуу**

**4.Тарбиялык иштер:**

Мектептин 2015-2016-окуу жылына карата түзүлгөн тарбиялык пландын негизинде иш алып барылды . План тогуз багыттын негизинде түзүлүп бекитилди.Ар бир клас жетекчи тарбиялык план түзүшүп иш алып барышты.Ар бир клас жетекчи ата-энелери менен байланышуу дептерлерин,түнкү рейд дептерлерин ачышты. Ай сайын класстык жана      ата - энелер чогулуштарын өтүп турушту.

Мектептеги "Ак шоола" балдар жана өспүрүмдөр уюму тарабынан мектеп парламентинин структуралары жылга бекитилген пландын негизинде иш алып барышты. Окуучулар арасында кылмыштуулукту болтурбоо жана анын алдын алуу боюнча мектепте профилактикалык кеңеш түзүлдү жана пландар иштелип чыкты. Бул ишке ата-энелер,айылдын ак сакалдуу карыялары,ИДН, айыл башчы,айылдык советтин депутаттары, класс жетекчилер жана окуучулар болуп бирдикте "Ой ордо", жана ачык тарбиялык сааттар өтүлдү.Мектеп рэкетин жоюу жана суициддин алдын алуу боюнча окуучулар арасында түшүндүрүү иштерижүрдү. Балдар ювеналдык юстиция тутуму папкасы ачылып,ага карата иш жүргүзүлүүдөө.Мектеп парламентинде "Бүчүр"тимурчулар командасы түзүлдү жана айылдагы Улуу Ата Мекендик согуштун ардагери Апсаматов Ыдырыс атага жана эмгектин ардагерлери,жетишпеген жалгыз бой үй бүлөлөргө жана майып адамдардын үй бүлөлөрүнө,ардагер мугалимдерге сабактан сырткаркы учурларда жакындан жардам беришти.

Мектептеги"Кыз бурак" кыздар уюму атайын түзүлгөн пландын негизинде ден –соолуктун алдын алууга жана кылмыштуулукту болтурбоо боюнча лекциялар ИДН тарабынан жана медициналык кызматкер тарабынан окулуп турду.1- сентябрь "Билим күнүнө" арналган линейка өтүлдү жана "Менин Мекеним Кыргызстан" деген темада ар бир класста ачык сабак өтүлдү.23-сентябрь мамлекеттик тил күнүнө карата "Эне тилим –эне сүтүм" деген темада тарбиялык сааттар

өтүлдү.1916-жылдагы Кыргызстандагы улуттук боштондук күрөшүнүн 100 жылдыгына карата иш чара өтүлдү.

1-октябрь карылар күнүнө белгиленди.Окуучулар айылдагы кары адамдарды мектепке чакырып чакан концерт тартуулашты.1-11-класстар арасында тарбиялык сааттар жана жолугушуулар өтүлдү.4-октябрда мугалимдер күнүнө карата "Мугалим – мөмөлүү дарак деген темада тарбиялык сааттар жана "АК Шоола" балдар жана өспүрүмдөр уюму тарабынан даярдалган майрамдык кече өтүлдү.2015-жылдын 3-4-ноябрь күндөрү Каракол шаарындагы К.Жантөшев атындагы музыкалык драмтеатрда өткөн,"Ысык-Көл-манасчылардын алтын бешиги" аттуу республикалык фестивалынын алкагында уюштурулган жаш манасчылардын сынагында мектебибиздин сыймыгы болгон 8-класстын окуучусу Казаков Тариел байгелүү орунга ээболуп диплом менен сыйланып келди. А.Осмоновдун 100 жылдыгына карата ачык тарбиялык сааттар, дил баян,сүрөт, көркөм айтуу сынактары жана А.Осмоновдун өмүрү-чыгармачылыгы боюнча кыргыз тили жана адабияты мугалимдери тарабынан даярдалган кече өтүлүп жеңүүчүлөр мектеп грамоталары менен сыйланышты.1-декабрь СПИД менен күрөшүү эл аралык күнү белгиленди.СПИД оорусун айыктырууга мүмкүнбү? "СПИД XXI-кылымдын чумасы" "СПИД илдетинен сактангыла!." Деген темалардын астында тегерек стол, тарбиялык сааттар, дил баяндар жазылды лекциялар өтүлдү. Чыңгыз Айтматовдун 87 жылдыгына карата "Аалам алпы - Айтматов" кече , "Ч. Айтматовдун чыгармалары сүрөт дүйнөсүндө " конкурс, "Ч. Айтматов 87 жыл " тарбиялык сааттар өтүлдү жана өз максаттарына жетти. " Биз терроризмге жана диний экстремизмге каршыбыз" деген темада ар бир класста тарбиялык сааттар жана 8-11- класстарга ток-шоу өтүлдү. Ток-шоуга мектептин сакалдуу мугалимдери, айылдын ымамы Кыдырбаев Бекзат катышып окуучуларга туура жолдо жүрүү адебин жана азгырыктан сактануу жодорун айтышты. 26-декабрда окуучулар арасында кылмыштуулукту, зордук зомбулукту алдын алуу жана окуучулар арасында терроризм тууралуу түшүндүрүү иш чараларын жүргүзүү максатында ички иштер , улуттук коопсуздук кызматынын, прокуратура кызматкерлеринин катышуусу менен өтүлө турган иш-чарага аймактык тескөөчү Насирдинов Талант, ИДН-Абдыкерим уулу Эрлан жана жергиликтүү кеңештин жетекчилери, айыл башчы, айылдын аксакал карыялары, коомчулук, айылдын молдосу, мугалимдер катышып кеңири талкуу жүргүзүлдү. Мектепте майыптарга колдоо көрсөтүү иретинде "Ак шоола" балдар жана өспүрүмдөр уюму тарабынан концерт берилди жана үйлөрүнө барып жардам берилди.

26- декабрьда Жаңы жылга карата "Жаш балаты " 1-8- класстар арасында, 280декабрьда "Көгүлтүр от" 9-11- класстар арасында музыкалык кечелер өткөрүлдү. Кышкы каникул учурунда өтүлүүчү иш чаралардын пландары түзүлдү жана бекитилди, дежурствонун графиги түзүлүп, бекитилип илинди.

**Жаңы 2016-2017-окуу жылына карата милдеттер.**

1.Окуучулардын арасында кылмыштуулукту болтурбоо жана алдын алуу боюнча класс жетекчилер, ата-энелер, ИДН менен бирдикте тыгыз байланышта иш жүргүзүү.

2.Мектеп рекетин жоюу жана суициддин алдын алуу боюнча окуучулар арасында түшүндүрүү жана маданий спорттук, тарбиялык иштерин жүргүзүү.

3.Терроризмди жана эктремизмди алдын алуу иштерин күчөтүү.

4.Мектеп ичиндеги, район аралык коомдук иш чараларга активдүү катышуу.

5.Билим берүү процессиндеги ички көзөмөл

**5.Билим беруу процессиндеги ички козомол.**

Билим берүү процессиндеги ички көзөмөлдөгү көрсөтүлгөн иш чаралардын бардыгы пландаштырылган боюнча толугу менен аткарылып, мектеп директору менен окуу бөлүмүнүн башчысынын көзөмөлүндө болду.

**Сентябрь.**

1-11-класстарда укомплетование болду. Ар бир мугалим тарификациядан өтүштү. Жана ОШ-1 убагында тапшырылды. Мугалимдердин календардык планы 29-августка чейин бекитилди. 3-сентябрда окуучулар китептин 80% ти менен камсыз болушту. Класстарда ата-энелер чогулушу өтүлүп, ата-энелер комитеттери шайланды. Класстык журналдар толтурулуп, бекитилди.

**Октябрь.**

Класс кабинеттердин жабдылышы, санитардык абалы каралып чыкты. Класстык журналдар текшерилип, журналдарды толтуруу , баа коюу боюнча тиешелүү мугалимдерге эскертүүлөр берилди. Класстар арасында жазуу иштери , тест дептерлердин, практикалык иштердиндептерлери, баалардын коюлушу текшерилди. Чейректик текшерүү иштеринин жүрүшү, тесттердин алынышы көзөмөлдөндү.

**Ноябрь.**

5-11-кластарда окуучулар арасында интеллектуалдык марафон өтүлүп, жеңүүчүлөр зоналдык олимпиадага жолдомо алышты. Башталгыч класстар дагы сабактардын берилиш абалы (мониторинг, анализ, жат жазуу, дил баян, тесттер ) каралып иш кагаздарына көзөмөл жүлгүзүлдү.

**Декабрь.**

Мектеп документациясынын сапаттуулугу, жабдылышы, ирееттүүлүгү, класстык журналдар, кундөлүктөрдүн, алфавиттик китеп жана окуучулардын өздүк делолору каралды.

**Январь.**

2-чейректин жана жарым жылдык жыйынтыгы чыгарылып, отчеттор алынды. Журналдар, кундөлүктөр, өздүк делолор текшерилди. Физика, математика, дене тарбия сабактарынын берилиши текшерилди. Жазуу иштеринин абалы текшерилип, эскертүүлөр берилди.

**Февраль.**

Орус тил адабияты, кыргыз тил адабияты, англис тил сабактарынын берилиши каралды. Административдик тест алынып, окуучулардын билим сапаты, текшерилип, билим сапатын жогорулатуу боюнча иш-чаралар аныкталды.

**Март.**

География, биология, химия сабактарынын берилиши каралды. Лабороториялык, практикалык иштердин откөрүлүшү контролдонуп, тиешелүү көрсөтмөлөр берилди.

**Апрель.**

Кылмыштуулукту болтурбоо жана анын алдын алуу максатында уюштурулган түнкү рейддерди көзөмөлдөө жүргүзүлдү. Таланттуу балдар менен иштөө боюнча "Жылдын окуучусу-2016" конкурсунун жыйынтыгы чыгарылды. Тарых ИЗО, черчение сабактарынын берилиши текшерилди. Жазуу иштеринин абалы текшерилип, кемчиликтери эскертилди. Экзамендердин, консультациялардын расписаниеси түзүлүп, тактага илинди.

**Май.**

4-чейректин жана жылдын жыйынтыгы боюнча отчеттор алынды. Оздук делолор, журналдар текшерилди. Бардык мугалимдер жана метод бирикмелердин жетекчилери жыл ичинде аткарган иштери боюнча тексттик отчетторду беришти. Откон окуу жылы менен салыштырмалуу анализ жугузушуп, жетишкен ийгиликтерин белгилешти жана аткарылбай калганиш-аракеттери учун жаны окуу жылына максаттарды коюшту.

**6. Педагогикалык кенешмеде:**

Мектептин жалпы 2015-2016 - жаны окуу жылына тузулгон окутууну жана тарбиялоону жакшыртуу планында бекитилген пландын негизинде аткарылган иш-чаралар: пландаштырылган педкеӊешмелер оз убагында откорулуп турду. Негизинен 2014-2015-жылына анализ жургузуу менен 2015-2016-окуу жылына карата педкенешменин планы талкууланып, бекитилген. Жалпысынан бул окуу жылында 6 педкеӊешме бекитилген. 1-жарым жылдыкта эки педкеӊешме өтүлсө,2-жарым жылдыкта 4 педагогикалык кеӊешме өтүлдү. Педкеӊешмеде төмөндөгүдөй маселелер каралып талкууланды.

**1.Педагогикалык кеӊешме 2015-жылдын 28-августунда болду.**
**Кун тартибинде 4 маселе каралды:**

а) 2014-2015-окуу жылында аткарылган иштердин анализи, жаӊы окуу жылына милдеттер каралды.

б) 2015-2016-окуу жылына иш план ( ОТЖП) бекитүү каралып, талкууланып ОТЖП бекитилди.

в) Кеӊештин катчысы шайланды.

г) Мектептеги мугалимдердин окуу жүктөмүн бөлүштүрүү методбирикме жетекчилери менен бирдикте ишке ашырылды.

**2. Педагогикалык кеӊешме 2015-жылдын 27-ноябрында болуп өттү.**
**Күн тартибинде 2 маселе каралды.**

А) Сабактардан 1-чейрек үчүн контролдук иштерди алуу. 1-чейректин жыйынтыгы, окуучулардын билим сапатынын мониторингин чыгаруу боюнча отчет берилди.

Салыштырма анализ жүргүзүү менен ар бир класска жана предметтер боюнча мониторинг жүргүзүлдү. Мектепте билим сапаты 1-чейректе 15,9% түзсө, катышуу- 98,6%, жетишүү-100%ды түздү.

Б) №1 башталгыч класстардын метод бирикмесинин декадасынын жыйынтыгы чыгарылды. Жыйынтыгында башталгыч класстардын декадасынын жыйынтыгы куррикулум окутуунун жаӊы методикасы , ыкмасы менен өтүлүп, канагаттындыраарлык деп табылды. Негизинен 1-4-класстар окуучуларына сабак берүүдө төмөнкү талаптар коюлду. М: Коллеграфиянын үстүндө иштоо,окуп түшүнүүсүн калыптандыруу ж.б. мугалимдерге эскертүүлөр берилди.

**3.Педагогикалык кеӊешме 2016-жылдын 29-январында болду.**
**Кун тартибинде 3 маселе каралды.**

А). №2гуманитардык МБнин декадасынын жыйынтыгын каралды.
Б).Окуучулардын райондук,областтык олимпиадага жана ОРТга даярдыгы

боюнча каралды.
В).2-чейректин жыйынтыгы.1-жарым жылдыкта аткарылган иштердин отчет -анализи жана билим сапатынын салыштырмалуу мониторинги чыгарылды.

**4. Педагогикалык кеңешме 2016-жылдын 25-мартында болуп өттү.**
**Кун тартибинде 3 маселе каралды:**

А). 3-чейректин жыйынтыгын чыгаруу,окуучулардын билим сапатынын мониторинги боюнча отчет -анализ жургузулду.
Б).№ 3табигый –математикалык багыттагы МБнин декадасынын жыйынтыгы каралды. В).Мектепте тарбия ишинин журуш абалы. Суицитти алдын алуу боюнча жургузулгөн иш-чаралар каралды.

**5. Педагогикалык кеңешме 2016-жылдын 23-майында болуп өттү.**
**Кун тартибинде 3 маселе каралды.**

А). 9-11-класстарды мамлекеттик экзаменге киргизуу жөнүндө бутуруучу класстын ата-энелери менен бирдикте кеңешме өтүлдү.
Б). Класстан класска көчүрүү экзамендеринин жоболору менен тааныштырылды. в).Окуу жылы аяктагандыгына байланыштуу “Акыркы коңгуроо” майрамына карата “окуунун”,”эмгектин”алдыңкыларын “Мактоо баракчаларга” жана “Ардак грамотага”ар бир мб жетекчилер,окуу бөлүм башчы,класс жетекчилер кеңешмеде сунушташты.

**6.Педагогикалык кеңешме 2016-жылдын 24-июнда болуп өттү.**
**Кун тартибинде 3 маселе каралды.**

А).Жыл жыйынтыгы боюнча отчет-анализ. Билим сапатынын салыштырмалуу мониторинги каралды жана жаңы 2016-2017-окуу жылына милдеттер коюлду.
Б). 1-8,10-класстын окуучуларынын класстан класска көчүрүү боюнча жыйынтыгы каралды.
В). 9-11-класстардын жыйынтыктоо аттестациясынын жыйынтыгы каралды.

**7. Директор алдындагы кеңешмеде.**

Планда белгиленгендей 2015-2016- окуу жылында 9 кеңешме бекитилген 1-жарым жылдыкта 4 директор алдындагы кеңешме өтүлсө,2-жарым жылдыкта 5 директор алдындагы кеңешме өткөрүлдү.

**1-Директор алдындагы кеңешме сентябрь айында өттү.**
**Күн тартибинде 3 маселе каралды.**

а) Окуу- тарбия процессинин уюштурулушу. Мында жаңы окуу жылына карата өткөрүлгөн иш чараларга жыйынтык чыгарылды. Окуу тарбия процессинин жүрүшүнө мектеп толук даяр экендиги айтылды.

б) Класстык журналдарынын толтурулушу. 1-11-класстардын журналдарынын бөлүнүшүжана толтурулушу боюнча каралды.

в) Окуучулардын китеп менен камсыз болушу. Класс жетекчилер менен бирдикте ар бир окуучу окуу китептери менен толук камсыз болушту.

**2-Директор алдындагы кеңешме 30.10.15-ж. болуп 2 маселе каралды**.

а) Мектептин кышка болгон даярдыгы. Мектеп кышка толук даярдалды. Класстын терезе эшиктери скотч менен чапталды, отургучтарга килемчелер салынды, отун, көмүр менен камсыз болду класстар жылуу окуучулар сабакта кийимин чечип отурушат.

б) Чейректеги текшерүү иштеринин жүрүшү, админстративдик текшерүүнүнжыйынтыгы каралды. Сабактар боюнча ар бир мугалим планда көрсөтүлгөн тестерди өз убагында алышып окуучулардын билим сапатын өз убагында баалап, турушат. Админстративдик текшерүү менен мугалимдердин салыштыруусу боюнча айырмачылык мугалимдердин билим сапатын жогорулатуусу байкалды.

**3-Диретор алдындагы кеңешме 28.11.15. болуп күн тартибинде 4 маселе каралды.**

А)Күндөлүк, жазуу дептерлеринин, тесттик, текшерүү иш, дил баян дептерлеринин абалын кароо. Мында атайы метод бирикме жетекчилер убагы менен ар бир мугалимдин жазуу иштерин карап текшерип методикалык жардам, сунуш пикирлерин айтып өз учурунда кемчиликтерин жоюуга аракет кылышат анын жыйынтыгы менен стимфондко балл беришет. Жыйынтыгы жакшы жыйынтык берүүдө.

Б) “Ак шоола балдар жана өспүрүмдөр” уюмунун ишин кароо. Бул уюмду 1-11-класстар иш алып барат. Мектеп парламенти жыл башында парламенттин стуктурасын шайлап, иш жүргүзүп жума сайын линейкада жыйынтыгын чыгарып турушат. Мектепте “Ак шоола балдар жана өспүрүмдөр” уюмунун иши жакшы жолго коюлган.

В) Класс жетекчилердин иштерин кароо. Класс жетекчилердин аткарылып жаткан иштери план боюнча каралып, талкууланып чыкты. Бардык класс жетекчилердин аткарылган иш- чараларынын иш- кагаздары толук жазылган. Мындан ары да классы жана ата-энелер менен тыгыз байланышта иштөө сунуштары белгиленди.

Г) Китепкананын абалы каралды. Окуучулардын китеп менен камсыз болушу боюнча маалымат берди жана окуу куралдарынын, китептердин сакталуу абалы тышталышы боюнча жума сайын рейд жүргүзүлүп айрыбай, таза тыштап таза колдонуп жатканына көзөмөлдөө жүргүзүп жатканын айтты. Китепканачы.

**4- Директор алдындагы кеңешме 30.12.15. болуп күн тартибинде 3 маселе каралды.**

А) 9-11 класстардын сабактары боюнча админстративдик текшерүүнүн жыйынтыгы. Экзамен берүүчү класстардан тест, срездер админстрацияя тарабынан алынып, көзөмөл жүргүзүлүп, окуучулардын билим сапаты боюнча салыштырмалуу мониторинг жүргүзүлдү.

Б) Газетага жазылуунун абалы, окуу куралдарынын колдонулушун кароо. Мугалимдер жамааты 6 (алты ) айга жалпы сумма – 535 сомго “Кут билим ”; газетасына жазылдык. Окуучулар окуу китептерин тышталган, таза колдонуп жатканын текшерүү жыйынтыгы менен белгилеп өттү.

В) “Жаңы жылдык балаты” майрамын өткөрүү. Мектеп окуучулары ата-энелер, жергиликтүү өзүн- өзү башкаруу уюму, коомчулук, мугалимдер жамааты менен бирдикте 2 күндүк чоң программадагы майрамдык кечелер жогрку денгээлде өткөрүлгөндүгү белгиленди.

**5-Директор алдындагы кеңешме 28.01.16.болуп күн тартибинде 3 маселе каралды.**

а).Класстардын санитардык-гигиеналык абалы.окуучулардын ден соолугу,грипп,сарык ооруларынан сактануу жана канча окуучу ооругандыгы алдын алуу иштеринин журушу каралды.
Б).Класстык журналдардын толтурулушу, окуучулардын өздүк делолорунун,алфавиттик китептин толтурулушу жана дал келиши боюнча каралды,такталды. в).Тарбия иштеринин журуш абалы каралды.

**6-Директор алдындагы кеңешме 27.02.16.болуп күн тартибинде 3 маселе каралды.**

а).Турмуш-тиричилик ,адеп сабактарынын берилиш абалы каралды.
Б).АТМдин иштери каралды.в). 1-4-класстардын тамактануусу боюнча ашкананын санитардык-гигиеналык абалы каралды.

**7-Директор алдындагы кеңешме 30.03.16.болуп күн тартибинде 3 маселе каралды.**

А).Эстетикалык сабактардын берилиши каралды.
Б).У.Б. жана М.Б. аткарылган иштери жана иш-кагаздары каралды.
в). Мектеп айланасын жашылдандыруу боюнча каралды.
**8-Директор алдындагы кеңешме 30.04.16.болуп күн тартибинде 3 маселе каралды.**

А).Класстардын санитардык -гигиеналык абалы, класстардын жашылдандыруусу,мектеп айланасын жашылдандыруунун абалы

каралды.б).Окуучулардын тартип-тазалыгы ,сабакка катышуусун карап- талкуу жургузулду.в).”Тимурчулар” командасынын аткарган иштери каралды.

**9-Директор алдындагы кеңешме 30.05.16.болуп күн тартибинде 3 маселе каралды.**

А). “акыркы коңгуроо” салтанаттуу иш-чарасынын өтулушу бутуруучу класстардын тартиби - коопсуздугунун көзөмөлдөнүшү каралды.
Б).Отчетторду алуу боюнча жыйынтык чыгаруу.
В). Жайкы ремонт иштерине даярдык коруу, класстарды мугалимдерге ремонт жасоо учун бекитип беруу каралды.

**8. Ата-эне менен иштөө.**

2015-2016- окуу жылында пландалган пландын негизинде иш жүрдү. Окуу жылынын башында 5.09.2015. ата-энелер чогулушу өттү. Күн тартибинде үч маселе каралды.

А) 2014-2015- окуу жылындагы ата-энелер комитетинин отчетун угуу.

Б) Жаңы 2015-2016- окуу жылына ата- энелер комитетин шайлоо.

В) Жаңы окуу жылына карата мектеп формасы окуу китептери менен камсыз кылуу; Чогулуштун жыйынтыгында ата-энелердин камкордук кеңеши түзүлдү жана төрайымы Сүйүналиева Самара шайланды. 1-2-чейрек сайын ата-энелер чогулушу өтүлдү жана окуучулардын билим сапаттары, катышуу, жетишүү, тартиби тууралуу маалыматтарды алышты. Ар бир класстын ата-энелер комитеттерине ай сайын чогулуш өтүлүп турду. Ноябрь айында ”Окуу негиги эмгек ”дегент темада талкуу жүрдү.

Талкууга айыл башчы, айыл ак сакалдары, айылдык депутаттар, катышып, окуучунун эмгеги окуу экендигин белгилешти. Балдар жана өспүрүмдөр арасында ”Кылмыштуулукту болтурбоо жана анын алдын алуу максатында түнкү рейддерди жүргүзүү учурунда ата-энелер да тартылды. ИДН аймактык тескөөчү, ата-энелер арасында тарбия иштери боюнча түшүндүрүү иштерин жүргүзүштү. Мектепте өткөн иш чараларга ата-энелер “Манасчылар конкурсуна , “ Жаш балаты ” оюн зоок кечесине карата өтүлгөн иш чараларга, мектеп ичинде өткөн марафонго катышып материалдык –маралдык жардам көрсөтүү менен салым кошушту. Уч тараптуу келишимдин негизинде иш алып баруу жакшы жыйынтык берүүдө, себеби эч кандай тартип бузуулар болгон жок. Жетишпеген үй-бүлөөлөргө рейд квартал сайын жүрүп турду. Мектептин соц педагогу , организатор, кыздар уюмунун жетекчиси болуп рейд жүргүзүшштү. Бир жылда эки жолу ата-энелер менен бирге врачтар менен жолугушуулар отүп турду. “Балдарга карата зордук зомбулукка каршы күрөшү боюнча өтүлгүн тегерек столго ата-энелер катышып, балдарга өз ойлорун айтышты. Ар бир класста ай сайын класстык ата-энелер

чогулуштары өтүлдү жана ошол класстын окуучуларынын тартибине көңүл буруп турушту. 2015-2016-жылкы жайкы мектептин ремонт иштерин жүргүзүүдө

ата-энелердин колдоосу менен бюджеттен бөлүнгөн акча каражатынан сырткары демөөрчүлүк көрсөтүү менен жетпеген сырларды алып ремонт жүргүзүү алдында турат. 2016-2017-окуу жылына карата окуучулардын сапаттуу билим алышына жана тарбиялоо процессинин жакшырышына камкорчулар кеңешинин жана ата- энелердин салымы зор.

**9. Мектептин материалдык базасын чыңдоо:**

2015-2016- окуу жылына карата мектеп ОТЖП да көрсөтүлгөндөй ата-элер, коомчулук менен тыгыз байланышта иштөө менен азыркы коомдо натыжалуу иштөөгө жөндөмдүү жашоодо өз ордун таба билген, ар тараптан өнүккөн инсанды тарбиялоо үчүн эң негизгиси мектепке шарт түзүү, материалдык базаны чыңдоо болуп эсептелет. Ар бир классты жайкы ремонттон жакшы өткөрүү, жасалгалоо, терезелерин жылуулоо, кышка карата от жагуу мештерди даярдоо, отун менен камсыз кылуу, мектеп айлансын жашылдандыруу, гүлдөтүү, спорттук аянтчаларга көзөмөл кылуу, окуу китептери менен камсыз кылуу, 1-4-класстар тамактануу үчүн ашкананы инвентарлары менен камсыз кылуу, класс- кабинеттерди заманбап технология жабдыктары менен жабдуу жана жасалгалоо, окуучулардын мектеп ичинде район аралык маданий-массалык кароо-конкурстарга катышуу үчүн, өткөрүү үчүн аппаратура, улуттук кийим кече менен камсыз кылуу болуп эсептелет. Мына ушундай базаларды чыңдоо жалгыз айыл өкмөтүбүз дотацияда отургандыктан жалгыз колунан келе бербейт, карап отура бербестен коочулук менен демөөрчүлөрдү издеп таап иштөөгө туура келет. Андыктан КР. Билим берүү жана илим министрлиги 2013-жылдын 17- сентябрь № 609/1 буйругунун негизинде 30.09.13. "Жалий Бейшекев атындагы орто мектебинин алдындагы Камкордук көрүүчү Кеңеш" түзүлдү. Кеңештин курамы 15 (он беш) адамдан бекитилди. Бул уюшулган кеңеш өз ишин жүргүзүп жатат. Канцтовар алынды 10000 сомго, ашкана үчүн жууп тазалоочу каражаттар 5000 сомго алынды. Мектептин хозинвентары үчүн 5000 сомго керектүү каражаттар алынды.

Мектептин гүл газондору үчүн 3000 сомго роза 20 түп, петуня гүлү -35 түп алынып отургузулду. Мектеп айланасын жашылдандырууга 15 түп карагай,15 туп кайың тигилди. Мектепке "Билим ТВ каналынын антеннасын" 9000 сомго камкорчулар кеңешинин демөөрчүлүгү менен орнотулду. "Көгүлтүр Ысык-Көл санаторийинин директору айылыбыздын кызы Батырбекова Лира Касымалиевнанын демөөрчүлүгү менен 1-2-корпустун терезе лерине толугу менен 50000 сомдон ашык суммага терезе пардолор тигилип,илинди. "Төлөйкөн ата"коомдук бирикмеси мектеп администрациясына 23000 сомго ноутбук алып беришти. 27-май "Акыркы коңгуроо" майрамына карата 10 жылдык бутуруучулөр мектептин спорт аянтчасына 13000 сомго жарыктандыргыч 7 даана коюп беришти .Мындан ары мындай иш чараны уланта бермекчибиз. Алдыда дагы аткара турган иш-пландар бар, ал үчүн демөөрчүлөрдү, инвесторлорду издөө

жана тартуу. Мектебибиздин эскилиги, кичинекейлиги, толук шарттын жоктугу, заман - талабына жооп бербегендиктен, жыл сайын окуучулардын санынын өсүүсүнө байланыштуу жаңы мектеп, спорт зал салуунун жолдорун издеп, иш-кагаздарды даярдап аракет кылуудабыз. Мамлекеттин каржылоосу менен 2017-жылдын стратегиялык планына киргизилди.Минфинге проект жазуу менен стимгранттын негизинде мектеп айланасын темир рещетка менен курчоо жана 1 – корпустун чатырын алмаштыруу үчүн 1 470 000 сомго ,1-2-корпустун эшик-терезелери пластикалык жаңы эшик-терезелерге өнүктүрүү фонддун эсебинен 1 млн сомго проект жазылып, июль -август айларында ишке ашканы турат.Жалпы 2015-2016-окуу жылында мектепке тартылган инвестиция-(****)сумманы тузду.

Мектеп директору Н.Ж. Апсатарова.